## 2010-жылдын январь-сентябрь айлары ичиндеги акча-кредиттик саясат жөнүндө отчет

Улуттук банк Башкармасынын
2010-жылдын 1-декабрындагы №89/1
токтому менен кабыл алынган

### Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар

2010-жылга акча-кредит саясатынын негизги багыттарында инфляция арымын 7,5-9,5 пайыз чегинде токтотуп туруу биринчи кезектеги милдет катары аныкталган. Декларацияланган баа берүүлөрдө көбүнесе, саясый көз караштан мотивацияланган өкмөттүк болжолдоолор чагылдырылган, ал Улуттук банк тарабынан инфляцияга берилген баадан төмөн болгон. Инфляцияга баа берүүнүн өзөгүндө, өтүп жаткан жылда инфляциялык басым, экономикалык өсүшкө колдоо көрсөтүү жана калкты социалдык коргоого алууну күчөтүү үчүн бюджеттик өбөлгөлөрдүн масштабдуу чараларынын алкагында жогорулай тургандыгы ошондой эле, электр жана жылуулук энергиясына тарифтердин жогорулоосуна болжолдоолор камтылган эле.

2010-жылдын апрель жана июнь айларындагы саясый окуялар жана алардан улам келип чыккан кесепеттер акча-кредит саясатын жүргүзүү шарттарына, мүнөзүнө жана анын багытына олуттуу корректировкалоолорду киргизүүгө мажбурлаган. Банк тутумунан каражаттардын агылып чыгуусу жана апрель айынан кийинки ай ичинде инфляциянын ченемдүү арымынын сакталып турушу шартында, кыйла терең стагнациянын келип чыгышы коркунучу алкагында Улуттук банктын күч-аракети, биринчи кезекте, банк жана финансы системаларынын туруктуулугун камсыз кылууга, ошондой эле экономикалык өсүшкө түрткү берүүгө багытталган.

Коммерциялык банктар тарабынан экономиканы кредиттөө үчүн ресурстук базасынын кыскарышын эске алуу менен Улуттук банк, экинчи чейрек ичинде ачык рынокто операцияларды жүргүзүү аркылуу үстөк ликвиддүүлүктү азайтуунун көлөмүн олуттуу төмөндөткөн: июнь айынын акырына карата жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү март айынын акырындагы 1,0 млрд. сомго караганда, 200 млн. сомду түзгөн. Ошону менен бирге эле, экинчи чейрек ичинде Улуттук банк биринчи чейректегиге караганда кредиттерди 1,5 эсеге көбүрөөк берген. Май айында коммерциялык банктар үчүн милдеттүү резервдердин өлчөмү 9,5 пайыздан 8 пайызга чейин төмөндөтүлгөн. Ушул эле ай ичинде экономиканын өсүшүнө өбөлгө түзүү максатында Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусунун (БРАФ) иши үчүн базалык чен 8 пайыздан 7 пайызга чейин төмөндөтүлгөн. Аны менен бирге БРАФтын кредиттик каражаттары боюнча пайыздык чен өлчөмүн аныктоо үчүн базалык ченге карата бирдиктүү оңдоо коэффициенти 1 (бир) деңгээлинде белгиленген. Ошентип, Улуттук банк финансы секторун ликвиддүүлүк менен камсыз кылуу үчүн кеңири чөйрөдөгү инструменттерди (каражаттарды) пайдаланган.

Жылдын үчүнчү чейрегинде инфляциялык басымдын курчушу жана бюджеттик чыгашалардын олуттуу артышынын потенциалын эске алуу менен Улуттук банк август айында акча-кредит программасына оңдоолорду киргизип, анда акча массасын жеңилдетүү боюнча операцияларды активдештирүү болжолдонгон. Жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмүн арттыруу Улуттук банктын бул багыттагы чараларынын бири катары аныкталган. Алсак, жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү июнь айынын акырындагы 200 млн. сомдон сентябрь айынын акырына карата 335,0 млн. сомго чейин өскөн. Улуттук банктын жылдын январь-сентябрь айлары ичиндеги эсептик чени 1,9 пайыздык пунктка, 2,8 пайызга чейин жогорулаган.

Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында валюта тооруктарында накталай эмес долларды сатуу көлөмүн көбөйткөн. Бүтүндөй алганда, 2011-жылдын тогуз айы ичинде банктар аралык валюта тооруктарында Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуу көлөмү 186 млн. долларды түзгөн (2009-жылдын

ушул эле мезгилинде ал 144 млн. АКШ доллары чегинде катталган эле). Жылдын январь-сентябрь айларынын ичинде АШК долларынын сомго карата расмий курсу 5,8 пайызга, 46,6377 сом/АКШ долларына чейинки өсүшкө ээ болгон (2009-жылдын тиешелүү мезгилинде бул көрсөткүч 10,7 пайыз, 43,6393 сом/АКШ долларына чейинкини түзгөн).

Кароого алынып жаткан январь-сентябрь айлары ичинде «овернайт» кредиттеринин көлөмү, 2009-жылдын ушул эле мезгилиндеги 5,8 млн. сомго салыштырганда, 2,2 млрд. сомду түзгөн.

Экономиканын реалдуу секторунда ИДПнын көлөмүнүн иш жүзүндө 0,5 пайызга кыскаруусу жүргөн (ал эми 2009-жылдын ушул эле мезгилинде ИДПнын көбөйүүсү 1,2 пайыз чегинде катталган), «Кумтөр» ишканаларын эске албаганда төмөндөө 1,5 пайызды түзгөн. Соода жана айыл-чарба азык-түлүгүн өндүрүү сыяктуу секторлор ИДПнын төмөндөшүнө негизги салымды кошкон.

Алдынала алынган маалыматтар боюнча, жылдын тогуз айы ичинде төлөм теңдеминин сальдосу 32,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң калыптанган, мында күндөлүк эсеп тартыштыгы 350,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Россия жана Казакстандын экономикаларынын калыбына келип жатышы эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын көлөмүнө да алгылыктуу таасирин тийгизген, отчеттук мезгил ичинде ал, 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 18,2 пайызга көбөйгөн. Отчет мезгилинин акырына карата дүң эл аралык камдардын көлөмү 1 684,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн болочоктогу 4,9 айлык импорттун ордун жабууну камсыз кыла алат.

Соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдөгү көрсөткүчкө салыштырганда биздин республикада инфляция арымынын кыйла жогору болуп жатышы, реалдуу эффективдүү алмашуу курсу индексинин (РЭОК) жыл башынан тартып 2,4 пайызга, 105,4кө чейин өсүшүн шарттаган.

Иликтөөгө алынып жаткан тогуз ай ичинде мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы ИДПга карата 3,7 пайызды түзгөн болсо, 2009-жылдын ушул эле мезгилинде ал ИДПга карата 0,9 пайыз эквиваленттинде катталган эле.

Сентябрь айынын акырына карата инфляциянын айкын деңгээли декларацияланган көрсөткүчтөн олуттуу арткан. Болжолдоолордо белгиленген факторлордон тышкары, баанын жалпы деңгээлинин өсүшүнө, азык-түлүк товарларына ички баанын бир кыйла олуттуу жогорулоосу, анын ичинде тышкы баа таасирлеринин кесепетинен да жогорулоосу, ошондой эле экспортук бажы пошлинасынын киргизилишине жана дүйнөлүк рыноктордо мунай заттарына баанын жогорулоосуна байланыштуу, күйүүчү-майлоочу материалдардын наркынын өсүшү да таасир эткен. Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча өтүп жаткан жылдын сентябрь айынын акырына карата абал боюнча инфляциянын жылдык арымы, 2009-жылдын сентябрь айынын акырына карата алынган 2,1 пайызга салыштырганда, 12,1 пайызды түзгөн.

Акыркы айлар ичинде экономикадагы төмөндөөнүн алкагында инфляциялык басымдын күч алышы, макроэкономикалык тобокелдиктерди приоритеттештирүү сыяктуу татаал милдетти аркалоону Улуттук банкка таңуулаган. Мында, инфляциянын курчуу тобокелдиги же экономикалык төмөндөө тобокелдигинин өлкөнүн борбордук банкы катары Улуттук банкка жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы көз карашынан алганда, эң оболу кайсынысын теске салуу, көздөгөн максатка жетишүүгө өбөлгө түзөөрү кыйла маанилүү болуп санала тургандыгын аныктап алуу зарылдыгы келип чыккан. Улуттук банктын Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин (Комитет) акыркы отурумдарында бир жагынан экономикалык өсүшкө түрткү берүү боюнча өз учурунда чаралардын көрүлүшүнүн максатка ылайыктуулугу, ал эми экинчи жагынан күч алып жаткан инфляция арымын оздуктоо боюнча чараларды көрүү маселеси өтө кызуу талкууланган. Комитеттин бардык мүчөлөрү инфляциялык басымды жеңилдетүү

боюнча чара көрүүнүн зарылчылыгын белгилешкен. Ошондой болсо да, Улуттук банктын бул багытта көргөн аракеттеринин канчалык таасирдүү болууга тийиш экендиги боюнча ой-пикирлер ортого салынган. Атап айтканда, БРАФ үчүн базалык ченди өзгөртүү маселесин акыркы талкуууга алып жана добуш берүү учурунда, комитеттин үч мүчөсү аны учурда колдонулуп жаткан деңгээлде сактап калуу зарыл деп эсептеген болсо, комитеттин эки мүчөсү аны жогорулатуу зарылдыгын белгилешкен.

## Акча-кредиттик көрсөткүчтөр динамикасы

2010-жылдын сентябрь айынын акырына карата акча базасы жыл башынан бери 7,4 пайызга көбөйүү менен 44 106,5 млн. сомду түзгөн (ал эми 2009-жылдын ушул эле мезгилинде көбөйүү 4,9 пайыз чегинде катталган эле).

Акча базасынын түзүмүндө жүгүртүүдөгү нак акчанын үлүшүнүн 2009-жылдын акырына карата алынган 87,0 пайыздан 2010-жылдын сентябрь айынын акырына карата 90,7 пайызга чейин көбөйүүсү жүргөн, демек, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттардын үлүшү, 13,0 пайыздан 9,3 пайызга чейин азайган.

Банктардан тышкаркы акча (М0) сентябрь айынын акырына карата 38 388,7 млн. сомду түзүү менен жыл башынан тартып 13,3 пайызга көбөйгөн (2009-жылдын тиешелүү мезгилинде 0,2 пайыздык кыскаруу байкалган).

М2 акча массасы өтүп жаткан жылдын сентябрь айынын акырына карата 49 387,0 млн. сомду түзүү менен жыл башындагыга салыштырганда, улуттук валютадагы депозиттердин 14,5 пайызга жана банктардан тышкаркы акчанын 13,3 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен 13,6 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде 0,5 пайызга кыскаруу жүргөндүгү байкалган).

Өзүндө чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган[1] М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы отчеттук мезгилдин акырына карата 62 909,2 млн. сомду түзүү менен жыл башынан тартып 10,1 пайызга көбөйгөн (2009-жылдын ушул эле мезгилинде 2,3 пайызга көбөйүү жүргөндүгү байкалган), мында М2Х акча массасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү, чет өлкө валютасындагы депозиттердин 0,8 пайызга кыскаруусу шартында, улуттук валютадагы депозиттердин 14,5 пайызга өсүшүнүн эсебинен жыл башынан тартып 5,5 пайызга көбөйгөн.

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган М2Х кеңири маанидеги акчанын жүгүртүү тездиги жыл башындагы 4,2ден, отчеттук мезгилдин акырына карата катталган 3,6га чейин төмөндөгөн. Демек, М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монитизациялоо коэффициенти жыл башындагы 26,0 пайызга салыштырганда, отчеттук мезгилдин акырына карата белгиленген 27,4 пайызга чейин көбөйгөн.

## Инфляция: алынган жыйынтыктар жана тенденциялар

2010-жылдын отчеттук мезгил ичинде республикада баанын жалпы деңгээлинин 2009-жылдагы көрсөткүчтөн олуттуу арткандыгы байкалган. Улуттук статистика комитетинин (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети) маалыматтарына ылайык жыл башынан тартып баанын жалпы деңгээлинин өсүшү 10,3 пайызды түзгөн. Ал эми өткөн жылдагы ушул эле көрсөткүч терс чыгуу менен -1,7 пайыз чегинде катталган эле. Инфляциянын 12 айлык мааниси (2010-жылдын сентябрь айы 2009-жылдын сентябрь айына карата) 12,1 пайызды түзгөн. Ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде ал 2,1 пайыз чегинде катталган эле.

---

[1] Банк тутумунун аналитикалык балансынын маалыматтары өзүндө жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозитерин гана эмес, башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин да камтыйт. Мында өкмөттүн жана резидент эместердин депозитттери эске алынбайт.

Баанын жогоруда белгиленген деңгээлде калыптанышы төмөнкүдөй негизги факторлордун таасири астында түптөлгөн:

- Дүйнөлүк рыноктордогу баанын таасири (буудай, кант) сыяктуу эле, сезондук факторлордун таасири астында (жашылча-жемишке, эт, сүт азыктарын) негизги азык-түлүк товарларына баанын өзгөрүүсү;
- Электр жана жылуулук энергиясына тариф саясатынын өзгөрүүсү;
- Кыргызстанга күйүүчү-майлоочу материалдарды берүү шарттарынын өзгөрүүсүнүн жана дүйнөлүк баанын өсүшүнүн (+21,5) натыйжасында, ички рынокто бул материалдардын кымбатташы.

**1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси.**

| | 2010-ж. сентябрь айы | | | 2010-ж. январь-сентябрь айлары 2009-ж. январь-сентябрь айларына карата |
|---|---|---|---|---|
| | 2010-ж. август айына карата | 2009-ж. сентябрь айына карата | 2009-ж. декабрь айына карата | |
| **Бардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **102,9** | **112,1** | **110,3** | **104,9** |
| Анын ичинде | | | | |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 105,0 | 114,4 | 112,2 | 101,2 |
| Алкогол суусундууктары жана тамеки заттары | 101,1 | 108,8 | 108,0 | 106,6 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 101,9 | 111,4 | 109,0 | 110,6 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 99,9 | 109,4 | 109,1 | 105,8 |

Азык-түлүк товарларына баа, өтүп жаткан жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде алганда 14,4 пайызга жогорулаган (2009-жылдын тиешелүү мезгилинде баанын 5,4 пайызга төмөндөшү катталган). Сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча канттын наркынын жогорулоосу жылдык мааниде алганда 20,5 пайызды түзгөн, бул кандайдыр бир деңгээлде, импорттолуп алынган продукцияга баанын өсүшү менен (+23,4 пайызга) түшүндүрүлөт. Ошондой болсо да, 2010-жылдын үчүнчү чейрегинде сырттан алынып келинген продукциянын наркынын салыштырмалуу төмөндүгү, ата-мекендик рынокто анын наркын токтотуп турууга өбөлгө түзгөн. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бажы комитетинин алдынала маалыматтары боюнча, өтүп жаткан жылдын сентябрь айында сырттан ташылып келинген канттын орточо баасы тоннасына 703 АКШ долларын түзгөн (ушул жылдын экинчи чейрегине караганда -5,8 пайыз).

Импорттон көз карандылыктын жогорку чекте сакталып турушуна байланыштуу[2] импорттолуп алынган эт азыктарынын наркынын жогорулоосу (+27,8 пайыз) ички рынокто баанын өсүшүнө түрткү берген. Сентябрь айынын акырына карата эт азыктары жылдык мааниде алганда 15,1 пайызга кымбаттаган. Ошондой эле, сентябрь айынын

[2] Эт азыгынын экспорту боюнча алынган статистикада расмий катталган маалымат менен чыныгы маалыматтын ортосунда олуттуу ажырым орун алган. Алсак, Улуттук банктын, Дүйнөлүк банктын, жана SECOнун иликтөөлөрүнө расмий статистикада камтылбаган чекара жанындагы соодага жана товарлардын реэкспортуна биргелешип жүргүзгөн иликтөөлөргө ылайык, тирүү малдын эсепке алынбаган экспортунун бир күндүк көлөмү каттоодон өткөрүлгөн расмий маанисинен 12 эсеге, ал эми эттин экспорту 4 145 эсеге ашат. Эттин чыныгы экспортунун олуттуу көлөмү кыйла арзан продукциянын импортунун көлөмүнүн артышына алып келген. Иликтөөлөрдөн улам, алынган маалыматтар боюнча эскпорттун негизги көлөмү Казакстанга туура келет, ошол эле учурда тирүү малды жана союлган мал этин Казакстанга расмий экспорттоого тыюу салынган.

жыйынтыгы боюнча май жан тоң майлар рыногунда баанын 22,4 пайызга жогорулагандыгы катталган. Негизги өндүрүүчү өлкөлөрдө күнкарама өсүмдүгүнүн түшүмдүүлүгүнүн төмөндүгүнөн улам, импорттолуп алынган продукциялардын кымбатташынын андан ары уланышы (+8,6 пайыз), баанын мына ушундай динамикасынын калыптанышынын негизги себебинен болгон.

Алкоголдук продукцияларга баа жылдык мааниде алганда 5,9 пайызга өскөн. Тамекиге баалар өз кезегинде 15,8 пайызга жогорулаган.

Азык-түлүктөн башка товарларга керектөө бааларынын индексинин 12 айлык өсүшү 11,4 пайызды түзгөн.

2010-жылдын 1-апрелинен тартып Россиядан Кыргызстанга экспорттолуучу мунайга жана мунай заттарына экспорттук бажы алымынын киргизилиши, республикада күйүүчү-майлоочу материалдардын наркына, энергопродукцияларына баанын дүйнөлүк динамикасынын таасирин күчөткөн, анткени мунайга дүйнөлүк фьючерстердин өсүшү менен (жана тескерисинче) экспорттук алымдар да өсөт. Алсак, өтүп жаткан жылдын сентябрь айында күйүүчү-майлоочу материалдарга баанын жылдык өсүшү 31,8 пайызды түзгөн; бензинге баа 28,1 пайызга, ал эми дизель отунуна 61,6 пайызга.

Акытөлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баа индексинин өсүшү, жылдык мааниде алганда 9,4 пайызды түзгөн (2009-жылдын 9,5 пайыз). Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркынын жогорулоосу жаңы окуу жылынын башталышынан тартып 5,2 пайызды түзгөн. Ал эми ресторандардын жана мейманкалардын кызмат көрсөтүүлөрү 12,9 пайызга кымбаттаган.

## Реалдуу сектор

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2010-жылдын январь-сентябрь айларында ИДПнын көлөмү учурда түптөлгөн баада 144 476,8 млн. сомду түзүү менен 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, реалдуу алганда 0,5 пайызга төмөндөгөн, ал эми өткөн жылдын январь-сентябрь айларында ИДПнын өсүшү 1,2 пайызды түзгөн эле. Алтын кенин казып алуу боюнча «Кумтөр» ишканаларын эске албаганда, ИДПнын төмөндөөсү 2009-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча алынган 1,9 пайыздык өсүшкө салыштырганда, 1,5 пайызды түзгөн.

**2-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДПнын өсүшүнө/төмөндөшүнө салымы.**
*(пайыздарда)*

| | 2009-ж. янв-сент. салыш. салмагы | 2010-ж. янв-сент. салыш. салмагы | 2009-ж. янв-сент. өсүш арымы | 2010-ж. янв-сент. өсүш арымы | 2010-ж. янв-сент. өсүшкө салым | 2010-ж. янв-сент. дефлятордун өзгөрүүсү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы | 24,2 | 22,6 | 4,9 | -3,4 | -0,8 | 2,2 |
| Тоо кендердин казып алуу жайы | 0,6 | 0,6 | 3,2 | 5,9 | 0,0 | -5,2 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 10,7 | 13,4 | -12,6 | 18,1 | 1,9 | 11,9 |
| Э/энер., газды жана сууну өндүрүү жана бөл. | 1,7 | 2,4 | -8,1 | 11,5 | 0,2 | 30,1 |
| Курулуш | 4,9 | 4,8 | -2,9 | -3,0 | -0,1 | 6,8 |
| Соода; автомобилдерди ондоо | 16,4 | 15,1 | 5,3 | -8,7 | -1,4 | 6,5 |
| Мейман-р, ресторандар | 1,4 | 1,2 | 4,8 | -13,6 | -0,2 | 3,7 |
| Транспорт жана байланыш | 9,5 | 9,7 | 5,7 | 0,4 | 0,0 | 7,4 |
| Жана башкалар | 19,4 | 19,4 | 1,5 | -0,1 | 0,0 | 8,1 |
| Тамак-ашка таза салыктар | 11,4 | 10,9 | 1,2 | -0,5 | -0,1 | 2,1 |
| **ИДП** | **100,0** | **100,0** | **1,2** | **-0,5** | **-0,5** | **6,4** |

*Булагы: УСК, Улутту банктын эсептөөлөрү*

Отчеттук мезгил ичинде өнөр-жай продукциясы физикалык мааниде алганда, 2009-жылдын январь-сентябрь айларындагыга караганда, 16,7 пайызга көбүрөөк өндүрүлгөн (2009-жылдын январь-сентябрь айларында 11,4 пайызга төмөндөө байкалган). Алтын кенин казып алуу боюнча «Кумтөр» ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү өткөн жылдын январь-сентябрь айларындагы көлөмгө салыштырганда, физикалык көлөмдө 15,6 пайызга көбөйгөн. Мында 2009-жылдын ушул эле мезгилинде 10,8 пайыздык төмөндөө байкалгандыгын белгилеп кетүү зарыл.

Өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү көбүнесе, кайра иштетүү өнөр жай ишканаларына туура келген.

Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагында да өндүрүштүн байкаларлык арткандыгы катталган. Январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча бул тармактын өнүмү, өткөн жылдын январь-сентябрь айларындагы 8,1 пайыздык төмөндөөгө караганда, 11,5 пайыз чегинде өсүш жүргөн.

Айыл-чарба продукцияларынын дүң өнүмү 2010-жылдын январь-сентябрь айларында физикалык көлөмдө 3,4 пайызга төмөндөгөн.

Отчеттук мезгил ичинде соода операцияларынын жүгүртүүлөрүнүн кыскаруу тенденциясы уланган. Январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча соодада кошумча нарктын төмөндөшү, 2009-жылдын январь-сентябрь айларындагы 5,3 пайыз чегиндеги өсүшкө салыштырганда, минус 8,7 пайызды түзгөн. Соода операцияларынын жүгүртүүлөрүнүн төмөндөшү соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөр менен соода жүргүзүү шарттарынын начарлоосу сыяктуу эле, республикада болуп өткөн каргашалуу окуялардын кесепеттүү таасири менен да шартталган.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча негизги капиталга жумшалып, өздөштүрүлгөн инвестициялардын деңгээли, 2009-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 2,7 пайызга азайган, ошол эле учурда өткөн жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча негизги капиталга инвестициялардын 9,5 пайызга көбөйгөндүгү катталган эле. Негизги капиталга инвестициялардын өсүш арымынын басаңдашы, эң оболу, «Камбар-Ата-2» ГЭСинин курулушунун жана башка ири долбоорлордун аякташынын алкагында, энергетика тармагына инвестициялардын кыскарышы менен шартталган.

## Тышкы экономикалык сектор[3]

2010-жылдын январь–сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы 350,8 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн, бул ИДПга карата 8,8 пайызга туура келет (2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүч 6,9 пайызды түзгөн).

Отчеттук мезгил үчүн алынган маалыматтар боюнча тышкы соодалык жүгүртүүнүн көлөмү ФОБ баасында, 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул көрсөткүчкө салыштырганда 8,2 пайызга көбөйгөн. Мында, экспорттук берүүлөрдүн (11,4 пайыз) импорттук түшүүлөрдүн өсүшүнө (6,5 пайызга) салыштырганда кыйла ыргактуу өсүшкө ээ болуусу соодалык тартыштыктын өсүшүнө токтотуучу таасирин тийгизген, анын деңгээли 2009-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда дээрлик өзгөрүүсүз калуу менен 890,1 млн. АКШ доллар чегинде катталган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, күндөлүк трансферттер боюнча валюталык түшүүлөрдүн артышы аныкталган, бул эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын көлөмүнүн олуттуу өсүшүн (18,2 пайызга) шарттаган. Мурдагыдай эле, акча каражаттарынын агымынын олуттуу көлөмү Кыргызстандан эмгек мигранттарынын негизги саны тартылган (94,9 пайыздан көбүрөөгү) КМШ өлкөлөрүнө

[3] Алдан ала алынган маалыматтар.

туура келген. Ушуну менен катары эле, мамлекеттик секторго акчалай гранттардын түшүүсүнүн олуттуу төмөндөгөндүгү катталган[4].

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялардын жана финансылык операциялар эсеби 161,1 млн. АКШ доллар көлөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул көрсөткүчтөн 57,2 пайызга төмөн болгон.

Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 32,5 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң чыккан, дүң эл аралык камдардын көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата 1 684,6 млн. АКШ долларын түзгөн, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн болочоктогу 4,9 айлык импортун жаба алат.

Алдынала алынган маалыматтар боюнча сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индекси (НЭОК) жыл башынан тартып 4,9 пайызга төмөндөө менен сентябрь айынын акырына карата 118,1ди түзгөн. Соода боюнча негизги өнөктөштөрдүн валюталарынын сомго карата катышынын чыңалуусу, мына ушундай төмөндөөнү шарттаган. Алсак, казак теңгесинин сомго карата катышы 2010-жылдын сентябрь айында өткөн жылдын 2009-жылдын декабрь айындагы орточо курска салыштырганда 6,9 пайызга, кытай юаны 6,9 пайызга, АКШ доллары 6,0 пайызга, орус рубли 2,3 пайызга чыңдалган. Мында, евронун 6,9 пайызга нарксызданышы байкалган.

Соода боюнча негизги өнөктөштөрдүн валюталарынын сомго карата алмашуу курсунун чыңалуусуна карабастан, өнөктөш өлкөлөрдө инфляция деңгээлинин алда канча төмөндүгү[5] реалдуу эффективдүү алмашуу курсу индексине (РЭОК) жогорулоо жагына ыктоого мажбурлап, ошону менен алмашуу курсунун таасирин текшилей алган. Ошентип, сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсу жыл башынан бери 2,4 пайызга көбөйүү менен сентябрь айынын акырында 105,4 түзгөн.

### Мамлекеттик финансы сектору

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2010-жылдын январь-сентябрь айларынын ичинде 5,4 млрд. сомду же ИДПга карата 3,7 пайызды түзгөн (2009-жылдын январь-сентябрь айларынын ичинде бюджет ИДПга карата 0,9 пайыз өлчөмүндөгү тартышы менен аткарылган эле).

Кароого алынып жаткан жылдын январь-сентябрь айларында мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен жалпы кирешелери 40,6 млрд. сомду же ИДПга карата 28,1 пайызды түзгөн. Өткөн жылдагыга салыштырганда өсүш арымы төмөндөгөн, ал 2009-жылдын январь-сентябрь айларындагы 21,8 пайызга салыштырганда 2,8 пайызды түзгөн, бул бүтүндөй алганда, акыркы беш жыл ичиндеги орточо жылдык деңгээлден алда канча төмөн.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердикке жалпы чыгашалары жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 22,1 пайызга же 7,6 млрд. сомго көбөйүү менен 41,9 млрд. сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде бюджеттик чыгашаларды функционалдык классификациялоого ылайык, чыгашалардын төмөндө келтирилген топтор боюнча өсүшү байкалган: социалдык коргоого алууга (2,1 эсеге), коргонууга, коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого (26,8 пайыз), экономикалык маселелерге (24,1 пайыз), саламаттыкты сактоого (9,6 пайыз), курчап турган чөйрөнү коргоого (9,6 пайыз), турак-жай коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө (4,2 пайыз) жана билим берүүгө (3,5

---

[4] Базалык мезгилде жогорку деңгээлдин сакталып турушуна байланыштуу. Маалымат үчүн: 2009-жылы Россия Федерациясынын өкмөтүнөн 150,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө гранттык каражаттар түшкөн.

[5] Кыргыз Республикасында ушул жылдын январь-сентябрь айлары ичинде инфляция деңгээли 10,3 пайызды түзгөн, ал эми соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли, алдынала эсептөөлөр боюнча 2,4 пайызды түзгөн.

пайыз). Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары «Мамлекеттик жалпы багыттагы кызматтар» статьясы боюнча (1,6 пайызга) кыскарган.

Отчеттук мезгил ичинде финансылык эмес активдерди сатып алууга байланыштуу операциялар боюнча (негизги фондулар, запастар, жер сыяктуу топтор боюнча операцияларды камтыган) бюджеттик каражаттардын таза агылып чыгуусу 4,0 млрд. сомду же ИДПга карата 2,8 пайызды түзгөн (2009-жылдын январь-сентябрь айларында 6,3 млрд. сом же ИДПга карата 4,6 пайыз).

## Финансы сектору

### *Банк тутуму*[6]

2010-жылдын 30-сентябрына карата абал боюнча[7] Кыргыз Республикасынын аймагында 22 коммерциялык банк[8] жана алардын 244 филиалы иштеп турган.

Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын банк тутуму 4 205,3 млн. сом өлчөмүндө чыгымга учураган. Ал эми 2009-жылдын ушул эле мезгилинде 22 коммерциялык банк иш алып баруу менен алардын иш жыйынтыгы боюнча алынган таза пайда 1 144,3 млн. сомду түзгөн эле. Мындан тышкары, коммерциялык банктардын активдеринин деңгээлинин 18,6 пайызга, капиталы 32,9 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде депозиттер рыногундагы жагдай олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон. 2010-жылдын биринчи чейрегинде коммерциялык банктар системасынын депозиттик базасынын өсүшү катталып, март айынын акырында ал 9,9 пайызды түзгөн; анын ичинен валюталык аманаттар 11,0 пайызга, ал эми сом түрүндөгү аманаттар 8,0 пайыздык өсүшкө ээ болгон. Экинчи чейрек ичинде апрель айында болуп өткөн каргашалуу окуялардын кесепетинен резидент эместердин эсептеринен депозиттердин агылып чыгуусунан улам депозиттик база байкаларлык кыскарган. Бирок, андан кийин жагдай туруктаашуу менен арымы басаңдаган болсо да, депозиттердин өсүшү калыбына келген. Алсак, сентябрь айынын акырында депозиттик базанын көлөмү жыл башынан тартып 17,1 пайызга азайуу менен 32,8 млрд. сомду түзгөн. Мындай төмөндөө валюталык аманаттардын 30,9 пайызга (сомдун АКШ долларына карата курсунун өзгөрүүсүн эске албаганда, төмөндөө 34,2 пайызды түзгөн), 17,1 млрд. сомго чейин азайуусунан улам келип чыккан. Ошол эле учурда, улуттук валютадагы аманаттар 5,9 пайызга, 15,7 млрд. сомго чейинки өсүшкө ээ болгон. Натыйжада, депозиттик базанын долларлашуу деңгээли 61,3 пайыздан, сентябрь айынын акырына карата 52,2 пайызга чейин кыскарган.

2010-жылдын тогуз айы ичинде коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү, сентябрь айынын акырына карата 26,5 млрд. сомду түзүү менен 5,0 пайызга өскөн. Мындай өсүш сом түрүндөгү кредиттердин 21,8 пайызга, 11,6 млрд. сомго чейин көбөйүүсү менен камсыз кылынган. Чет өлкө валютасында номинацияланган кредиттердин көлөмү ушул мезгил аралыгында 5,3 пайызга, 14,8 млрд. сомго чейин кыскарган. (АКШ долларынын курсунун өзгөрүүсүнүн таасирисиз кыскаруу 10,1 пайызды түзгөн).

Бул жерде отчеттук мезгил ичинде кредиттөө рыногундагы жагдай ар тараптуу багытта калыптанган. Алсак, 2010-жылдын биринчи чейрегинде кредит портфелинин өсүшү байкалган. Ал эми экинчи чейректин алгачкы эки айы ичинде, апрель окуяларынын кесепетинен тобокелдиктердин күч алышына байланыштуу кредиттөөнүн

---

[6] «АзияУниверсалБанкынын» балансын, анын реалдуу финансылык абалына ылайыкташтыруудан улам, келип чыккан өзгөрүүлөрдү эске алуу менен келтирилген маалыматтар.

[7] Коммерциялык банктардын регулятивдик отчетторуна ылайык маалыматтар келтирилген.

[8] 2009-жылдын 31-майынан тартып Кыргыз Республикасынын банк тутумуна ИАКБ «Акыл» ААКсы кошулган, анын лицензиясы калыбына келтирилип, реабилитацияланышына байланыштуу, 2009-жылдын 27-февралында берилген.

кыскаргандыгы байкалып, бирок экинчи чейректин акырына карата банктардын кредиттөө ишинин бир аз жандангандыгы белгиленген. Рынокто андан кийинки жагдай турукташуу менен үчүнчү чейрек ичинде кредиттөө иши өскөн.

Банктарда улуттук валютадагы кредиттер боюнча чендердин орточо деңгээли 24,0 пайызды түзүү менен 2,7 пайыздык пунктка төмөндөгөн, ал эми чет өлкө валютасында бул көрсөткүч 22,1 пайызды (-1,0 пайыздык пункту түзгөн).

### Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы кредит мекемелери[9]

Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы-кредит мекемелери системасы 2010-жылдын июнь айынын акырына карата 934 банктык эмес мекемелерден[10] турган. (2009-жылдын сентябрь айынын акырына карата банктык эмес мекемелердин саны 1 192 түзгөн):

- Кыргыз Республикасында Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы – 1
- Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу (БРАФ) – 1
- Микрофинансылык уюмдар – 385
- Кредиттик союздар – 225
- Алмашуу бюролору – 322.

### Башка финансы мекемелери

2010-жылдын январь-сентябрь айларында 3 фондулук фиржанын соода аянттарында өткөрүлгөн тооруктардын жалпы көлөмү 1 027,7 млн. сомду түзүү менен, 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул көрсөткүчкө салыштырганда 70,3 пайызга кыскарган. Тооруктардын көлөмүнүн төмөндөөсү баардык соода аянттарында катталган: «Кыргыз Фондулук биржасы» ЖАКтын соода аянтында келишилген бүтүмдөрдүн көлөмү 2,3 пайызга, 375,7 млн. сомго чейин, «Борбордук Азия фондулук биржасы» ЖАКтын[11] – 55,8 пайызга, 392,6 млн. сомго чейин жана «Кыргызстан фондулук биржасы – БТС» ЖАКтын соода аянттарында бүтүмдөрдүн саны 42,8 пайызга кыскаруу менен 259,4 млн. сомду түзгөн.

Өтүп жаткан жылдын 1-октябрына карата абал боюнча республикада 19 камсыздандыруу уюмдары, анын ичинен экөөсү кайра камсыздандыруучу уюмдар, ошондой эле резидент эместердин катышуусу менен 7 компания иш алып барып турган. Август айынын акырына карата камсыздандыруу уюмдарынын чогуу алгандагы активдери жыл башынан бери 2,3 пайызга кыскаруу менен 846,0 млн. сомду түзгөн, өздүк капитал 4,7 пайызга кыскарып, 675,3 млн. сомду түзгөн.

Учурда, Кыргыз Республикасында эки мамлекеттик эмес пенсиялык фонд: «Кыргызстан» мамлекеттик эмес пенсиялык фондусу жана «Жаңы Азия» мамлекеттик эмес пенсиялык фондусу (ал 2009-жылдын 26-майында эле лицензияга ээ болгондуктан, өз ишин баштай элек). Жогоруда аталган «Кыргызстан» мамлекеттик эмес пенсиялык фондусунун активдеринин көлөмү жылдын сентябрь айынын акырына карата 25,3 млн. сомду түзүү менен тогуз ай ичинде 15,7 пайызга көбөйгөн, ал эми чогуу алгандагы капиталы 45,7 пайызга көбөйүп, 7,3 млн. сомду түзгөн.

---

[9] Ломбарддарды лицензиялоо 2008-жылдын 8-сентябрынан тартып токтотулган.
[10] 2009-жылдын 8-сентябрынан тартып аларга лицензия берүү токтотулгандыктан, маалыматтар ломбарддарды эске алуусуз келтирилген.
[11] 2010-жылдын 20-апрелине карата алынган маалыматтар.